КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ

БАРСКООН АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ДЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН

МЕСТНЫЙ КЕНЕШ БАРСКООНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Барскоон айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин XXVIII-чакырылышынын IV-кезектеги сессиясынан**

# ТОКТОМ

**2024-жылдын 26-июну № 33** **Барскоон айылы**

**Барскоон айыл аймагынын Барскоон айылынын алыскы сырт өрөөнүндөгү бузулган кашарлардын ордун муниципалдык менчикке өткөрүп алуу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрациялар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" мыйзамынын 34-беренесине, Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 18-беренесине жана "Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, айыл өкмөтүнүн башчысы А.Асанбаевдин жана жер, муниципалдык менчик, жайыт жана айыл чарба маселелери боюнча башкы адиси И.Исашовдун оозеки кайрылууларын угуп талкуулап, жергиликтүү кеңеши **токтом кылат:**

1. Барскоон айыл аймагынын алыскы сырт өрөөнүндөгү Караколка айылынын Май-Төр участкасынын №71, 193-чөйрө сызыктарындагы жана Чым-Там участкасынын №156-чөйрө сызыгындагы эски мал кашардын ордулары айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчигине алынсын.

2. Эски кашарлардын ордуларын айыл өкмөтүнүн карамагына алуу боюнча мыйзам чегинде тиешелүү иштерди алып баруу жагы Барскоон айыл аймагынын айыл өкмөт башчысы А.Т.Асанбаевге тапшырылсын.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жергиликтүү кеңештин жер, агрардык маселелер боюнча туруктуу комиссиясына милдеттендирилсин.

**Төрага** **М.Ибаков**

Жиберилди: жергиликтүү кеңештин иш кагаздарына 1-нуска, юстицияга -2 нуска, а/ө -1 нуска, төрага – 1 нуска, баардыгы – 5 нуска